Open Library

Open Library (кырг. **Ачык Китепкана**) - бул мурда жарык көргөн китеп үчүн "бир веб-баракча" ачканга арналган онлайн-долбоор. Арон Шварц жана Брюстер Кейл тарабынан жасалган. Ошондой эле Open Library коммерциялык эмес интернет-архив, ал Калифорниялык мамлекеттик китепкана жана Kahle / Austin Фонду тарабынан жарым-жартылай каржыланат.

Ал интернетте окуганга мүмкүн болгон көптөгөн жалпыга жеткиликтүү жана басмадан жарык көргөн китептерди алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Маалыматтардын китеп базасы жана санариптик насыяга берүү китепканасы.

Анын китептик маалыматтары Конгресстин китепканасынан, башка китепканалардан жана Amazon.com сайтынан жана Wiki ге окшош интерфейстер аркылуу колдонуучулардын салымынан чогулат. Эгер китептер санариптик үлгүдө жеткиликтүү болсо, анда каталогдордун тизмесинин жанында "Окуу" деген жазуусу бар кнопка пайда болот. Ошондой эле сатып алууга же колдонууга бериле турган китептерге да шилтемелер бар.

Маалыматтар базасында ар кыл обьекттер бар:

- Авторлор
- Эмгектер (бир аталыштагы жана тексттеги бардык китептердин жыйындысы)
- Басылмалар (тийиштүү эмгектердин ар кыл публикациялары)

Open Library 6 миллион авторлорубуз менен 20 миллион китептерибиз жана бир миллионго жакын жалпыга жеткиликтүү, санариптүү домендик китептерибиз бар деп жарыялайт. Он миңдеген заманбап китептерди төрт, андан кийин 150 китепкана жана электрондук китептерди чыгаргычтар аркылуу окуганга мүмкүнчүлүк бар.

Тарыхы

Шилтемелер

"https://ky.wikipedia.org/w/index.php?title=Open_Library&oldid=304538" булагынан алынды

Бул барак соңку жолу 3 Ноябрь (Жетинин айы) 2017, 07:47 өзгөртүлгөн.

Text is available under the Creative Commons Attribution-ShareAlike License; additional terms may apply. See Terms of Use for details.